**“Бекитемин”**
Финансы-юридикалык колледждин
директору Исаков Н.

___________________
“____” _________ 2019-ж.

**“Макулдашылды”**
“Укук таануу жана укук коргоо”
бөлүмүнүн башчысы
Орозбаева А.К.

____________________________
“____” _________ 2019-ж.

# 2019-2024 жылдардагы финансы-юридикалык колледжинин “Укук таануу жана укук коргоо” бөлүмүнүн өнүгүүсүнүн стратегиялык перспективдүү ПЛАНЫ

**Ош, 2019**

# Мазмуну

Киришүү ........................................................................................................ 3
I.Бөлүмдүн жалпы мүнөздөмөсү ..................................................................... 4
II. Негизги долбоордук иш-чаралар ................................................................. 5
2.1 Бөлүмдүн өнүгүүсүндөгү негизги проблемалар. ...................................... 5
2.2 Азыркы бөлүмдүн негизги милдеттери : ................................................. 5
III. Бөлүмдүн өнүгүү максаттарына жетишүүгө көмөктөшүүчү чаралардын комплекси ........................................................................................................ 6
Билим берүү процесси ...................................................................................... 6
Окуу процессин методикалык колдонмолор менен камсыздоо .................... 7
Материалдык-техникалык базаны чыңдоо ..................................................... 8
Кафедранын илимий-изилдөө иштери жана окумуштуулук даражасы менен камсыздоо ........................................................................................................ 8
IV. Пландын максаттуу көрсөткүчтөрүнүн иш жүзүнө ашырылышы жана күтүлүүчү натыйжалар ..................................................................................... 10

## Киришүү

Бул план кафедралык кеңеште каралып бөлүмдүн 2019-2024 жылдардагы негизги приоритеттери, принциптери, максаттары, милдеттери, багыттары жана перспективалары аныкталган.

Бул жобо төмөндөгү документтерге таянып түзүлгөн:

Ош мамлекеттик университетинин уставына (14.07.2004, протокол №10) ОшМУнун 2019-2024 жылдарындагы концепциясына, КРнын билим, илим министрлигинин орто кесиптик билим берүү мыйзамдарын.

***Бөлүмдүн негизги стратегиялык багыттарынын***

***өнүгүүсү***

- Сапаттуу билим берүүдө оңойлук, жеңилдик бере тургандай замандын талабына ылайыктуу кесипкөй кадрларды даярдоонун структурасын жана мазмунун келтирип чыгаруу;
- Стейкхолдерлердин (иш берүүчүлөрдүн), катышуусу менен бүтүрүүчүлөрдүн коомго зарыл экендигине сапаттуу баалоо механизмин калыптандыруу;
- Орто кесиптик билим берүүдө социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү;
- Колледждин менеджменттик системасынын сапаттуу болуусун өнүктүрүү жана калыптандыруу;
- Окутуунун заманбап технологиясын, жаңы маалыматтык сервистерди кийирүүнү, билим берүүдө акыркы муундагы электрондук ресурстарды пайдаланууну иш жүзүнө ашыруу жана эффективдүү пайдалануу;
- Колледждин аброюна карата түзүлгөн пландарды жана илимий негизделген иш аракеттерди жайылтуу.

Бул стратегиялык багыттарды иш жүзүнө ашырууда бөлүмдүн жамаатына илимий-методикалык маселелерди чечүү менен биргеликте кароосу талап кылынат. Аларды иш жүзүнө ашырууда жылдык жана перспективдүү пландар иштелип чыгат.

# I.Бөлүмдүн жалпы мүнөздөмөсү

2009-жылдын 3-сентябрында ОшМУнун ректорунун №436 буйругунун негизинде кесиптик билим берүүнүн "Укук таануу" циклы ачылган.

2009-2010-окуу жылында укук таануу циклы укук таануу кафедрасына өзгөртүлүп, кафедрада алгач 6 окутуучу эмгектенген.

2009-2011-ж.ж. кафедраны улук окутуучу Р.А. Абдугафурова жетектеген, мүчөлөрү: улук окутуучу А.А. Осмонова, окутуучулар: Н.А. Сатылганова, М.С. Мамытов, К.А. Мирзаев, Д.С.Батырова.

2011-жылдын 30-сентябрь айында ( пр.№350-1) кафедранын башчысы кызматына улук окутуучу Дж.Ж. Асанбекова дайындалып, 2018-жылдын октябрына чейин жетектеген.

2018-жылдын 17-сентябрындагы №3 токтомуна ылайык ОшМУнун индустриялык-педагогикалык колледжинин социалдык иштер адистиги финансы-юридикалык колледжинин укук таануу кафедрасына кошулгандыгына байланыштуу, кафедра "Укук таануу социалдык иштер кафедрасы" деген аталышка өзгөртүлгөн.

2018-жылдын 25-октябрындагы Окумуштуулар кеңешинин чечими менен (№2 протоколуна ылайык) ю.и.к., улук окутуучу А. К. Орозбаева укук таануу жана социалдык иштер кафедрасынын башчысы кызматына шайланган.

2019-жылы укук коргоо ишмердүүлүгү адистигинде сырттан окуу бөлүмү ачылган.

Кыргыз республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 «Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү мекемелер жөнүндөгү» токтомунун жобосуна ылайык ОшМУнун структуралык бөлүмдөрүнө өзгөртүү киргизүү боюнча 2020-жылдын 10-сентябрындагы №24 буйругунун негизинде ПЦК «Укук таануу,укук коргоо ишмердүүлүгү,башкарууну документтик камсыздоо жана архив жүргүзүү» бөлүмү ачылып, ю.и.к., доцент А.К.Орозбаева бөлүм башчылыкка жана т.и.к Н.А.Сатылганова ПЦКнын төрайымы болуп дайындалган.

КРдин Өкмөтүнүн 2004-жылынын 3-февралындагы №53 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү мекемелери жөнүндөгү" жобого ылайык ОшМУнун коллеждеринин структураларына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин түзүлгөн комиссиясынын 15-июнь 2021-жылдын №1944-ФХД-21 буйругунун негизинде "Укук таануу,укук коргоо ишмердүүлүгү" ПЦКсы болуп өзгөрүлдү.

# II. Негизги долбоордук иш-чаралар

### 2.1 Бөлүмдүн өнүгүүсүндөгү негизги проблемалар

Бөлүмдүн өнүгүүсүнүн таасири бир гана коллеждин, ОшМУнун өнүгүшүнө эмес, шаардын, мамлекеттин өнүгүүсүнө да таасири бар.

Замандын талабына ылайык базар экономикасына карата эмгектенүүдө билим берүүчүлүккө муктаждык күчөдү. Тең тайлашып иштөөдө колледждин алдында да жогорку сапаттагы адистерди даярдоо талап кылынууда.

***Ал үчүн төмөндөгү проблемалар белгиленди:***

- Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана анын эффективдүүлүгүн текшерүү;
- Билим берүүдө заманбап технологиялардын жетишсиз пайдаланышы;
- Билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун фактору катарында маалымат-байланыш технологиясын эффективдүү пайдалануунун жетишсиздиги;
- Окуу жана кошумча аянтчаларды пайдалануудагы муктаждыктардын канааттандырбагандыгы.

Жогоруда аталган факторлор бөлүмдүн андан-ары өнүгүүсүн татаалдаштырат. Ошондуктан бөлүмдүн билим берип жаткан жумушка болгон мамилеси так жана жоопкерчиликтүү болуусу абзел.

### 2.2 Азыркы бөлүмдүн негизги милдеттери :

- Билим алуучулардын коомго зарылдыгын эске алуу менен окутуунун формасына карата билим берүү программасындагы милдеттерди иш жүзүнө ашырууда шарттарды жаратуу;
- Билим берүү ишмердүүлүгүн уюштуруу жана мамлекеттик билим берүү стандарттын талаптарына жооп берген адистерди даярдоо;
- Орто кесиптик билим берүү аркылуу интеллектуалдык, маданий жана жеке өнүгүүсүн камсыз кылуу менен улуттук баалуулуктарды сактоого жана өркүндөтүүгө багытоо;
- Коомдун орто кесиптик билимге ээ болгон адистерге керектөөлөрүн канааттандыруу;

## III. Бөлүмдүн өнүгүү максаттарына жетишүүгө көмөктөшүүчү чаралардын комплекси

**2019– 2024 ЖЫЛДАРЫНА КАРАТА**

| № | Иш-чаралар | Аткаруунун мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| | **3.1 Билим берүү процесси** | | |
| | 030503 Укук таануу багытындагы негизги билим берүү программаларын көз карандысыз аккредитацияга даярдыктарды күчөтүү | 2019-2022 окуу жылы | бөлүм башчысы; бөлүмдүн методикалык жооптуусу; окутуучулар |
| | 030503 Укук таануу багытындагы негизги билим берүү программаларын көз карандысыз аккредитациядан өткөрүү | 2019-2022 окуу жылы | бөлүмдүн профессордук окутуучу курамы |
| | Негизги билим берүү программасынын мазмунун сапатын камсыз кылуу | 2019-2022 окуу жылы | бөлүм |
| | Бөлүмдүн дициплиналар боюнча сапаттык денгээлин жогорулатуу | 2019-2021 окуу жылы | бөлүмдүн профессордук окутуучу курамы |
| | Бөлүмдүн дициплиналарын окутуунун электрондук каражаттары менен камсыздоо | 2019-2021 окуу жылы | деканат; бөлүм |
| | Окутуунун инновациялык усулдарын өркүндөтүү | 2019-2020 окуу жылы | бөлүм |
| | Сапат кепилдигин камсыз кылуу үчүн диагностика жана мониторинг системасын эффективдүү иштетүү, студенттердин илимин учурдук, аралык жана чектик текшерүү жана экземендер аркылуу баалоодо “адам факторун” аралаштырбастан компьютердик баалоо каражаттар аркылуу адилет баалоого жетишүү | 2019-2020 окуу жылы | бөлүм |
| | Стейхолдерлер менен иш алып | 2019-2020 | бөлүм |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | баруунy күчөтүү, рыноктун талаптарына ылайык компетенцияларга, көнүмдөргө жана билгичтерге ээ болгон адистерди даярдап чыгаруу, ийкемдүү окуу пландарын түзүүгө жетишүү | окуу жылы | |
| | Багыттар боюнча ийримдердин иштерин жандандыруу | 2019-2020 окуу жылы | бөлүмдүн илимий иштер боюнча жооптуу су |
| 0 | Заманбап интерактивдүү технологиялардын негизинде окуу процессиндеги студенттин активдүү ишмердүүлүгүнө жетишүү | 2019-2020 окуу жылы | бөлүмдүн профессордук – окутуучу курамы |
| 1 | Универсалдык ана профессионалдык компетенцияларды калыптандырууга багытталган жаңы окуу дисциплиналарын (курстарын) киргизүү, элективдүү курстардын базасын кеңейтүү, студенттердин индивидуалдык окуу пландарын жана траекториясын аныктоодо АВН информациялык системасын кеңири колдонуу | 2019-2020 окуу жылы | бөлүм |
| 2 | Студенттерди структуралык , республикалык, эл аралык предметтик олимпиадаларга даярдоо | 2019-2020 окуу жылы | бөлүм башчысы; окутуучулар |
| 3 | Студенттердин билим сапатын жогорулатуу максатында үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү, жаңы формаларын иштеп чыгуу | 2019-2020 окуу жылы | бөлүм |
| 4 | Окутуунун дистанттык технологияларын окутуунун бардык формаларын колдонууга жетишүү | 2019-2020 окуу жылы | бөлүм |
| **3.2 Окуу процессин методикалык колдонмолор менен камсыздоо** | | | |
| 5 | Окуу-усулдук куралдарды басмага берүү | 2019-2023 окуу жылы | бөлүм башчысы; бөлүм методикалык жооптуусу; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Окутуучулар |
| 6 | бөлүмдүн диициплиналарын методикалык колдонмолор менен камсыздоо | 2019-2023 окуу жылы, | бөлүм |
| 7 | Дициплиналардын силлабус, иш программа, окуу методикалык комплекстерин электрондоштуруу | 2019-2023 окуу жылы | бөлүм башчысы; бөлүмдүн методикалык жооптуусу; Окутуучулар |
| 8 | Онлайн (вебинар) жана офлайн технологиялык форматтагы сабактардын окуу-усулдук комплексин иштеп чыгуу | 2019-2023 окуу жылы | бөлүм башчысы; бөлүмдүн методикалык жооптуусу; окутуучулар |
| 9 | Окуу-усулдук комплекстерди компетенттүүлүк мамилени негизинде иштеп чыгуу | 2019-2023 окуу жылы | бөлүм |
| 0 | Студенттердин өз алынча иштери:<br>• Ар бир учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөргө өз алдынча иштөө үчүн берилген материалдар боюнча суроолорду кийирүү;<br>• Өз адынча иштөө үчүн берилген материалдарды өздөштүрүүнү эффективдештирүү үчүн окуу куралдарын даярдоо жана студенттерге сунуштоо | 2019-2022 окуу жылы | бөлүм |
| **3.3 Материалдык-техникалык базаны чыңдоо** | | | |
| 1 | Бөлүмдүн материалдык-техникалык жабдууларын реконструкциялоо | 2019-2023 окуу жылы | ректорат; деканат; бөлүм |
| **3.4 Кафедранын илимий-изилдөө иштери жана окумуштуулук даражасы менен камсыздоо** | | | |
| 2 | Бөлүмдүн профилине карата илимий-изилдөө иштеринин тематикасын түзүү:<br>• Ар бир жыл үчүн илимий изилдөө иштеринин планын түзүү жана анын | 2019-2023 окуу жылы | бөлүм башчысы; илимий иштер боюнча жооптуулар; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | аткарылышында формалдуулукка жол бербөө;<br>• Ар бир окутуучунун илимий изилдөө иштери менен камсыз болушун көзөмөлдөө;<br>• Илимий изилдөө иштеринин импакт-факторунун көрсөткүчүн жогорлатуу | | методикалык иштер боюнча жооптуулар |
| 3 | Аспиранттардын сандык сапаттык көрсөткүчүн жогорулатуу | 2019-2024 окуу жылы | бөлүм |
| 4 | Окутуучуларды илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыгы менен кызматтык конкурстарга жана шайлоолорго сунуштоо | 2020-2024 окуу жылы | бөлүм башчысы; илимий иштер боюнча жооптуулар; методикалык иштер боюнча жооптуулар |
| 5 | Улук окутуучулардын сандык сапаттык көрсөткүчүн жогорулатуу | 2019-2024 окуу жылы | бөлүм |
| 6 | Илимдин кандидаттарынын сандык сапаттык көрсөткүчүн жогорулатуу | 2019-2024 окуу жылы | бөлүм |
| 7 | Илимдин докторлорунун сандык сапаттык көрсөткүчүн жогорулатуу | 2019-2024 окуу жылы | бөлүм |
| 8 | Илимий макалаларды жарыялоо | 2019-2024 окуу жылы | бөлүм башчысы; окутуучулар |
| 9 | Структуралык, республикалык, эл аралык илимий конференцияларга, семинар,тренингдерге катышуу | 2019-2024 окуу жылы | бөлүм башчысы; окутуучулар |
| 0 | Профессордук-окутуучу курамдын квалификациясын жогорулатуу | 2020-2024 окуу жылы | бөлүм башчысы; илимий иштер боюнча жооптуулар; методикалык иштер боюнча жооптуулар |
| 1 | илимий-методикалык семинар уюштуруу жана алардын стабилдүү | 2020-2024 окуу жылы | бөлүм башчысы; илимий иштер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | иштешин камсыз кылуу | | боюнча жооптуулар; методикалык иштер боюнча жооптуулар |
| 2 | бөлүмдө аспиранттардын жана изденүүчүлөрдүн диссертациялык иштеринин өз мөөнөтүндө жыйынтыкталышына шарт түзүү | 2020-2024 окуу жылы | бөлүм башчысы; илимий иштер боюнча жооптуулар; методикалык иштер боюнча жооптуулар |
| 3 | Окутуучулардын ички жана тышкы академиялык мобилдүүлүгүн кеңейтүү | 2020-2024 окуу жылы | бөлүм |
| 4 | Жакынкы жана алыскы чет өлкөлөр менен билим берүү, илим-изилдөө жана маданият тармактарында кызматташууну күчөтүү | 2020-2024 окуу жылы | бөлүм |

## IV. Пландын максаттуу көрсөткүчтөрүнүн иш жүзүнө ашырылышы жана күтүлүүчү натыйжалар

***Өнүктүрүү планын иш жүзүнө ашырууда камсыздоо мүмкүнчүлүктөр:***

- Бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногуна кесиби боюнча мобилдүү жана тең таймашууга даяр болгон адистерди чыгарууда орто кесиптик сапаттуу билим берүүгө жетишүү;
- Практикага багытталышын жана сапаттуулугун сактоо менен үзгүлтүксүз билим берүү системасында орто кесиптик билим берүүнүн көп деңгээлдүүлүгүн калыптандыруу;
- Ар түрдүү профилдеги адистерди даярдоонун көлөмүндө эмгек рыногунун муктаждыгына карата личностун билим берүү менен кесиптик кызыкчылыктардын ортосундагы байланышты тургузууга жетишүү;
- Коомчулуктун муктаждыгын канааттандыруучу билим берүүнүн ар түрдүү профилде даярдоодо орто кесиптик билим берүүнүн жеңилдигин жогорулатуу;

- Кесиптик билим берүү системасы менен иш берүүчүлөрдүн байланышын бекемдөө, социалдык өнөктөштөр менен кызматташууну эффективдүү жогорулатуу;
- Орто кесиптик билим берүү үчүн кесиптик даярдыктан өткөрүүдө окутуучулардын, структура жетекчилеринин билим деңгээлин жогорулатуу жана окутуучу – профессордук курамды жаңылоо;
- Жаңы муундагы мамлекеттик стандарттын талабына ылайык окутуунун каражаттарын, жаңы типтеги окуу, окуу – методикалык жана методикалык адабияттарды түзүү, билим берүү процессине телекоммуникациялык системаны, маалымат системасын жана технологиясын пайдаланууну өркүндөтүү;
- Коллежде пайда келтирүүчү проектилерди жазууга, гранттарды утууга карата иштиктүү, кесипкөй атистердин группасын түзүү.